ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№10 ПРОТОКОЛУ**

*5-июль, 2023-жыл.*

*Төрага:* У.А. Сопуев

*Окумуштуу катчы:* А.А. Абдилазизова

*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү – 35 мүчөсүнөн 24 мүчөсү бар.

**Каралуучу маселелер:**

1. Бүтүрүүчү курстардагы мамлекеттик аттестациялардын жыйынтыктары жана окутуунун натыйжаларын баалоо маселелери (*Баяндамачылар: МАКтын төрагалары*);
2. Факультеттеги окуу-таанышуу, компьютердик, адаптациялык, педагогикалык, өндүрүштүк, квалификациялык практикалардын абалы жана алдыдагы милдеттери (*Баяндамачы: МИТ факультетинин деканынын практика иштери боюнча орун басары, окутуучу Мурзакматова З.Ж.*);
3. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду**: МИТ факультетинин деканы У.А. Сопуев күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды.

Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-2-маселелерге 7-10 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдоого алынды.

**1-маселе.**

Бүтүрүүчү курстардагы мамлекеттик аттестациялардын жыйынтыктары жана окутуунун натыйжаларын баалоо маселелери.

МАКтын төрагаларынын баяндамалары угулуп (отчет тиркелет) төмөндөгүдөй

**ТОКТОМ кылат:**

1. МАКтын төрагаларынын баяндамалары канаатандырарлык деп табылсын;
2. МАКтын экмазендик билеттеринде практикалык мааниси бар мисал-маселелердин мазмуну жакшыртылсын;
3. Төрагалардын эскертүүлөрүн көзөмөлдөө кафедра башчыларына жүктөлсүн.

**2-маселе.**

**Угулду**: Факультеттеги окуу-таанышуу, компьютердик, адаптациялык, өндүрүштүк, квалификациялык практикалардын абалы жана алдыдагы милдеттери боюнча *МИТ факуль-тетинин деканынын практика иштери боюнча орун басары, окутуучу З.Ж. Мурзакматованын,* педагогикалык, квалификациялык практикалардын абалы жана алдыдагы милдеттери боюнча *Э.Т. Авазованын* отчету угулду (отчет тиркелет).

**Сөзгө чыкты:**

*Мамаюсупов М.Ш. (Жогорку математика кафедрасынын профессору):* Илимий практикада жетекчи баалаганга күндөлүктө орун коюлбай калган. Жетекчи баалоосу керек?

*Жооп*: Комиссия баалайт, жетекчинин пикирин эске алуу менен. Күндөлүккө кошуп коебуз.

*Сопуев А. (ИСП кафедрасынын профессору)*: Профилдик, базалык практикалардын мурунку практикалардан айырмасы кандай?

*Жооп*: 2012-жылдан баштап киргизилген. Профилдик практикада студент квалификациялык ишине эксперимент жасаса болот.

*Сопуев А. (ИСП кафедрасынын профессору)*: ОшМУга тиешелүү мектеп-гимназияларга практикага чыгып жатышабы?

*Жооп*: ооба, практиканттар жиберилди.

*Оморов Ш.Д.(МИОТ ж ББМ кафедрасынын доценти):* Сырттан окуу бөлүмү боюнча педагогикалык практикада чет өлкөлүк студенттер менен көйгөйлөр көп. Өндүрүштүк практикалар кандай өтүп жатат?

*Жооп*: Жашаган жеринен өтүп келип жатышат, келишим ишканалар менен тузүлгөн.

*Кудуев А.Ж. (АССТ кафедрасынын доценти)*: Практиканын түрү боюнча динамика жасалдыбы? Мыкты практика өткөндөр аныкталдыбы? Сайтта маалымат барбы?

*Жооп:*Сайтта практика боюнча толук маалымат бар. Практикага чыгып, ошол ишканада ишке кабыл алынган студенттер болду. Практика учурунда текшерүүлөр болду.

*Кудуев А.Ж. (АССТ кафедрасынын доценти)*: Практика учурунда тартип бузуулар болдубу?

*Жооп:* Болду. Ал студенттер келерки окуу жылынды практиканы өтөт.

*Талкуу:*

*У. Молдояров (АССТ кафедрасынын доценти)*: Биздин адистиктерде аралыктан иштеген студенттер бар. Ошол иштеп жаткан жеринен практика өтүүгө уруксат алып берүү жагы каралсын.

*Сопеув У.А.( факультеттин деканы):* Жогоруда практика жетекчилери берген отчеттору канааттандыралык деп табылсын.

Жогоруда берилген маалыматтардын, тыянактардын, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар кеңеши ТОКТОМ кылат:

1. Практикаларды уюштурууда жүргүзүлгөн иш-аракеттер боюнча МИТ факультетинин практика жетекчиси З. Мурзакматованын жана Э.Т. Авазованын маалыматтары эске алынсын;
2. Өндүрүштүк практика бөлүмү тарабынан “Өндүрүш аркылуу студентти кесиптик компетенцияга калыптандыруунун ролу” аттуу жумуш берүүчүлөр менен өткөргөн семинарлардагы сунуш пикирлер 2023-2024-окуу жылында кафедралар тарабынан эске алынсын;
3. Аккредитациядан өтүүчү адистиктердин иш берүүчүлөр менен жүргүзүлгөн иш аракеттери күчөтүлсүн;
4. Ар бир адистикте уюштурулган практикалардын графиги, жумушчу программалары иш орундарынын тартыштыгына байланыштуу жана мекеме ишканалардын сунушу менен алдын ала өндүрүшкө сунушталсын;
5. Дистанттык окуу бөлүмдөрүндөгү практикалардын жүрүшүндө аралыктан иш алып баруу иш-аракеттери өркүндөтүлсүн;
6. Практиканын түрү жана багыты боюнча жумушчу программаларды бекитүүдө кеминде бир сырткы адистен рецензия алуу сунушталсын;
7. 2023-2024-окуу жылына практиканын күндөлүктөрүн ар бир окутуу багыттарына багытталып, электрондук вариантын кафедра башчылар менен биргеликте ишке ашыруу каралсын.

3. Ар түрдүү маселелер

а) Конкурстук шайлоолор;

МИТ факультетинин ИСП кафедрасынын улук окутуучусунун м.а. Абдумиталип уулу Кубатбекти аталган кафедранын улук окутуучусу кызмат орунга конкурстук шайлоодон өткөрүү.

Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:

Добуш берүүгө катышкандар – 24

“Макул” – 24 “Каршы” – 0 “Калыс” – жок “Жараксыз” – жок

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар кеңеши ТОКТОМ кылат:

1. МИТ факультетинин ИСП кафедрасынын улук окутуучусунун м.а Абдумиталип уулу Кубатбек аталган кафедранын улук окутуучусу кызмат орунга шайланды деп эсептелсин;

2. Бул токтомду бекитүү жагы ОшМУнун ректорунан суралсын.

б) XI «Назаровдук окуулар» конференциясынын программасын бекитүү.

**Угулду**: *У. А. Сопуев (МИТ факультетинин деканы):* XI «Назаровдук окуулар» конференциясынын программасын бекитүү сунушу түштү. Бул конференцияны өткөрүү планы 2022-жылдын декабрь айында илим изилдөө бөлүмүнө тапшырылган.

*Келдибекова А. О. (МИОТжББМ кафедрасынын башчысы, профессор)*: ОшМУнун профессору М.Н. Назаровдун 90 жылдыгына арналган «Математикалык билим берүүдө туруктуу өнүгүү максаттарын интеграциялоо» темасында XI Назаровдук педагогикалык окуулар эл аралык илимий-практикалык конференциясынын иши 2023-жылдын 13-14-октябрына пландаштырылды. Эл аралык конференциянын илимий программасы багыттарды камтыйт:

• Математика, информатика, физиканы окутуунун методикасы;

• Жалпы педагогика, педагогика жана билим берүү тарыхы;

• Педагогикалык психология;

• Санариптик билим берүү чөйрөлөрүнүн психологиясы;

• Билим берүүдөгү менеджмент, ошондой эле математика жана билим берүү менен байланышкан башка тармактар. Конференциянын программасына пленардык баяндамалар, секциялык жана плакаттык баяндамалар кирет.

Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту

ТОКТОМ:

1. Профессор М.Н. Назаровдун 90 жылдыгына арналган «Математикалык билим берүүдө туруктуу өнүгүү максаттарын интеграциялоо» аталышындагы XI Назаровдук педагогикалык окуулар эл аралык илимий-практикалык конференциясынын Программасы сунушталсын;

2. Конференцияны уюштуруу жана каржылоо жагы ОшМУнун илимий изилдөө бөлүмүнөн суралсын.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы А. У. Сопуев

Окумуштуу катчы А.А. Абдилазизова